КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## № 6/2016

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары

**Редакциялык коллегия:**
Төрага: Сыдыков А.К.
Коллегия мүчөлөрү: Темиров К.А.
Жаныбекова Ч.А.
Садыкова Н.О.
Жооптуу катчы: Куанбек кызы Н.

**Басылманын мазмунуна тиешелүү маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Юридикалык башкармалыгына:
телефон: (996 312) 61 10 38 телефону
факс: (996 312) 61 10 59 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары бөлүмүнө:
телефон: (996 312) 61 08 59 телефону
факс: (996 312) 61 09 92 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат.**
**Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**

**Уюштуруучусу** - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

Жоопкерчилиги чектелген коом «M-Maxima» тарабынан даярдалган жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, Горький көчөсү, 48/1-6.
2016-жылдын 22-ноябрында басууга кол коюлган.
2016-жылдын 28-ноябрында басылган.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2016-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

**Нормативные акты Национального банка**
**Кыргызской Республики**

**Редакционная коллегия:**
Председатель: Сыдыков А.К.
Члены коллегии: Темиров К.А.
Жаныбекова Ч.А.
Садыкова Н.О.
Ответственный секретарь: Куанбек кызы Н.

**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридическое управление:
телефон: (996 312) 61 10 38
факс: (996 312) 61 10 59
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел публикаций Национального банка:
телефон: (996 312) 61 08 59
факс: (996 312) 61 09 92
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики.**
**Предположительная периодичность издания журнала - один раз в месяц на кыргызском и русском языках.**

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано ОсОО «Maxima».
г. Бишкек, ул. Горького, 48/1-6
Подписано в печать 22 ноября 2016 года.
Отпечатано 28 ноября 2016 года.
Тираж 100 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2016 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Улуттук банктын) өткөн жыл үчүн отчету болуп саналат. Ал өзүндө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы секторду өнүктүрүү тенденциялары жана төлөм балансы, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана Кыргыз Республикасынын инвестициялык позициялары боюнча маалыматтар чагылдырылат. Чейрек сайын – январь, май, июль, октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет (Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама)***

Кеңири коомчулукка акча-кредит саясатынын максаттары жана натыйжаларына тиешелүү мезгил-мезгили менен маалымат берип туруу бул басылманын максаты болуп саналат. Басылмада тышкы чөйрөнүн өнүгүшүнө жана өлкө ичиндеги макроэкономикалык жагдайгаталдап-иликтөөлөр, инфляцияга таасир эткен факторлор жана анын динамикасы тууралуу маалыматтар, инфляциялык болжолдоолор, Кыргыз Республикасынын экономикасынын реалдуу жана тышкы секторлорунда түптөлгөн жагдай, ошондой эле соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөр менен иш алып баруунун өнүгүү багыттары камтылат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, банктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү чагылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

## Другие издания Национального банка Кыргызской Республики

### *Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики*

Данная публикация является отчетом Национального банка Кыргызской Республики (НБКР) за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность НБКР, общие сведения о НБКР, статистические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

### *Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики*

Это ежемесячное информационное издание содержит статистические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

### *Платежный баланс Кыргызской Республики*

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает тенденции развития внешнего сектора и данные по платежному балансу, внешней торговле, международным резервам, внешнему долгу и международной инвестиционной позиции Кыргызской Республики. Публикуется ежеквартально в январе, мае, июле, октябре на кыргызском, русском и английском языках.

### *Отчет о денежно-кредитной политике (Обзор инфляции в Кыргызской Республике)*

Целью издания является регулярное информирование общественности об основных направлениях деятельности в области денежно-кредитной политики. Издание содержит анализ развития внешней среды и макроэкономической ситуации в стране, информацию о динамике и факторах инфляции, прогнозы инфляции, развития реального и внешнего секторов экономики Кыргызской Республики, а также стран-основных торговых партнеров.

### *Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики*

Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики отражает общую оценку Национального банка относительно внешнеэкономических и внутриэкономических факторов, влияющих на финансовую стабильность, состояния банков, других институтов финансового посредничества, а также анализ текущего состояния финансовых рынков и устойчивости финансового сектора Кыргызстана. Публикуется два раза в год, на кыргызском, русском и английском языках.

# МАЗМУНУ:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 27-апрелиндеги №19/5 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктооолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2016-жылдын 7-майында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ........................................................... 8

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 27-апрелиндеги №19/6 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктооолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2016-жылдын 7-майында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ......................................................... 16

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 27-апрелиндеги №19/13 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн номиналы чет өлкө валютасында көрсөтүлгөн мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому (2016-жылдын 7-майында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ......................................................... 26

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 25-майындагы №20/3 “Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/15 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо» эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө» токтому (2016-жылдын 3-июнунда Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ..................................................................................................... 57

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 25-майындагы №20/6 “Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 14-июлундагы № 22/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтому (2016-жылдын 2-июнунда Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ........................................ 59

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016 жылдын 25 майындагы № 20/8 “Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 21-декабрындагы № 55/3 «Коммерциялык банктарды жана финансы-кредит мекемелерин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында кассалык тейлөө жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу токтому (2016-жылдын 31-майында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ......................................................... 64

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-майындагы № 22/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө” токтому (2016-жылдын 31-майында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ..................................................................................................... 69

8. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 9-июнундагы № 24/1 “Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө” жобонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому. (2016-жылдын 14-июнунда Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган) ............. 70

## СОДЕРЖАНИЕ:

1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении дополнений и изменений в некотрые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики” от 27 апреля 2016 года № 19/5 (опубликовано на сайте Национального банка 7 мая 2016 года) .................................. 72

2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении дополнений и изменений в некотрые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики” от 27 апреля 2016 года № 19/6 (опубликовано на сайте Национального банка 7 мая 2016 года) .................................. 80

3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «О порядке размещения, обратного выкупа и проведения расчетов с государственными казначейскими облигациями Правительства Кыргызской Республики, номинированными в иностранной валюте, через Национальный банк Кыргызской Республики» от 27 апреля 2016 года № 19/13 (опубликовано на сайте Национального банка 7 мая 2016 года) ........................................................................ 90

4. Постановление Правления Национального банка «О внесении изменения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении «Правил определения официальных курсов иностранных валют по отношению к кыргызскому сому» от 28 марта 2013 года №10/15» от 25 мая 2016 года № 20/3 (опубликовано на сайте Национального банка 3 июня 2016 года) .................. 121

5. Постановление Правления Национального банка «О внесении изменений и дополнений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О Положении «О минимальных требованиях к внешнему аудиту банков и финансово-кредитных учреждений, лицензируемых Национальным банком Кыргызской Республики» от 14 июля 2005 года № 22/2» от 25 мая 2016 года № 20/6 (опубликовано на сайте Национального банка 2 июня 2016 года)........................................................................................ 123

6. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Инструкции «О кассовом обслуживании в Национального банка коммерческих банков и финансово-кредитных учреждений» от 21 декабря 2007 года № 55/3 от 25 мая 2016 года № 20/8 (опубликовано на сайте Национального банка 31 мая 2016 года) ....................................................................... 128

7. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О размере учетной ставки Национального банка Кыргызской Республики» от 30 мая 2016 года № 22/2 (опубликовано на сайте Национального банка 31 мая 2016 года) ........... 133

8. Постановление Правления Национального банкаКыргызской Республикиот 9 июня 2016 г. № 24\1«О внесении изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении новой редакции Положения «О Комитете по надзору НБКР» от 19 марта 2005 года № 6/2» (опубликовано на сайте Национального банка 14 июня 2016 года). ................................................................... 134

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 27-апрелиндеги № 19/5**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган толуктоолор жана өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) бекитилсин:

− 2005-жылдын 19-майындагы № 16/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы-кредит мекемелерине карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− 2008-жылдын 28-майындагы № 22/4 «Тике банктык көзөмөл жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы тууралуу»;

− 2012-жылдын 31-октябрындагы № 41/12 «Банктык эсептер, аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу жөнүндө нускоону бекитүү тууралуу».

2. Юридика башкармалыгы:

− ушул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык уюмдарды, адистештирилген финансы-кредит мекемеси «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсын жана катышуучулардан депозиттерди тартуу менен иш алып барышкан кредиттик союздарды тааныштырсын.

4. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышына контролдукту Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т. Дж. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Улуттук банк Башкармасынын**
**2016-жылдын 27-апрелиндеги № 19/5**
**токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоолор жана өзгөртүүлөр

1. Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-майындагы № 16/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы-кредит мекемелерине карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы-кредит мекемелерине карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобонун:

− бүтүндөй тексти боюнча ар башка жөндөмөдө кездешкен «көзөмөлдүктү түздөн-түз тескөөгө алган» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «көзөмөл блогунун ишин түздөн-түз тескөөгө алган» дегенге алмаштырылсын;

− 1.5-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«1.5. Жазма буйрук – бул, Улуттук банктын банкка, банктын кызмат адамдарына жана анын олуттуу катышуучуларына карата белгиленген мөөнөт ичинде милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон талабы.

Жазма буйрукта ал даярдалган күн жана чыгарылган жери, жазма буйрукту чыгарган органдын аталышы/буйрук чыгарган адамдын аты-жөнү жана Улуттук банк жазма буйрукту чыгарууда ага таянуу менен иш алып барган мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын ошондой эле, эл аралык келишимдердин жоболорунун банк/анын кызмат адамдары/анын олуттуу катышуучулары тарабынан бузууга жол берилишинин Улуттук банк тарабынан аныкталган фактылары камтылууга тийиш. Ошондой эле, жазма буйрукта мыйзам бузуулардын, кемчиликтердин аныкталгандыгы тууралуу Улуттук банктын тыянагы, банк/анын кызмат

адамдары/олуттуу катышуучулары тарабынан көрүлгөн тиешелүү чаралар жана аларды аткаруу мөөнөттөрү да көрсөтүлүшү зарыл.

Жазма буйрукта банктын кемчиликтерге жол берген кызмат адамынын аты-жөнү, ээлеген кызмат орду, олуттуу катышуучулардын аты-жөнү/аталышы, ээлеген кызмат орундары/аткарган иши, кемчиликтерге жол берүүдөн улам келип чыккан кесепеттер (чыгымдар, анын ичинде банк дуушарланган же келечекте дуушар болушу ыктымал болгон аброй тобокелдиги) көрсөтүлүшү мүмкүн.

Жазма буйрук жөнөтүлгөндөн кийин Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмү ошол жазма буйруктун белгиленген мөөнөттө аткарылышына контролдукту камсыз кылып, ал аткарылбай калган шартта, дароо тиешелүү чара көрүшү зарыл.”;

− 6.8.2-пунктча төмөнкү мазмундагы 5 жана 6-абзацтар менен толукталсын:

«5) банктын акционерлеринин курамында Бириккен Улуттар Уюмунун Кыргыз Республикасы да анын катарына кирген Коопсуздук Кеңеши тарабынан аларга карата ошол мамлекеттердин жеке адамдары жана юридикалык жактары менен кызматташууга тыюу салынган жана/же чектөөлөрдү караган чечим (резолюция) кабыл алынган мамлекеттерде каттоодон өткөн, өз алдынча же чогуу алганда банктын акцияларынын он же андан көп пайызына ээлик кылган же тескөөгө алган жактардын болушу. Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөр менен иш алып барган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жана башка мамлекеттик органдар Улуттук банктын өтүнүчү боюнча эл аралык санкцияларга тиешелүү маалыматтарды сунуштап турат;

6) банктын акционерлеринин курамында терроризмди каржылоого жана “арам” акчанын изин жашырууга каршы күрөшүү жагында эл аралык стандарттарды иштеп чыгуу жана аны жайылтуу боюнча уюмдун - ФАТФнын сунуш-көрсөтмөлөрүн кабыл албаган жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттенүү чөйрөсүндө эл аралык кызматташууга катышпаган мамлекеттердин аймагында каттоодон өткөн жана ФАТФ аларга карата каршы аракеттерди көрүүгө мүчө-мамлекеттерди чакырган, өз алдынча же чогуу алганда банктын акцияларынын он же андан көп пайызына ээлик кылган же тескөөгө алган жактардын болушу. Мындай өлкөлөрдүн тизмеги Кыргыз Республикасынын

кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттенүү жагында иш алып барган мамлекеттик ыйгарым укуктуу органы тарабынан аныкталат.».

2. Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 28-майындагы № 22/4 «Тике банктык көзөмөл жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Тике банктык көзөмөл жөнүндө» жобонун:

− 2.2-пунктунун биринчи сүйлөмүндөгү «Тышкы көзөмөл башкармалыгынын» деген сөздөр «Улуттук банктын» дегенге алмаштырылсын;

− 2.2.1-пунктчасы төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Аткарыла турган иш чөйрөсү, контролерлор/контролерлор тобу алардын аткарылышына түздөн-түз жоопкерчиликтүү болгон милдеттер тике банктык көзөмөлдүктү киргизүү максаттарына жана себептерине ылайык аныкталат.»;

− 2.4-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«2.4. Тике банктык көзөмөл киргизилген күнү - Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмү Көзөмөл боюнча комитеттин тике банктык көзөмөлдүктү киргизүү тууралуу токтомунун көчүрмөсүн банк башкармасына жөнөтөт, анда Комитеттин токтомунун баш сөзү жана көрсөтмө берүүчү бөлүгү да камтылат. Банктын башкармасы тике банктык көзөмөлдүк киргизилгендиги тууралуу банктын Директорлор кеңешине жана акционерлерине маалымдоого тийиш.»;

− төмөнкү мазмундагы 2.10-пункт менен толукталсын:

«2.10 Тике банктык көзөмөлдүк режиминде турган банктын жетекчилиги операциялардын контролерлор тобуна макулдашылуусу талабын кошо алганда, Көзөмөл боюнча комитеттин токтомунун аткарылышы үчүн толук жоопкерчиликтүү болуп саналат. Көзөмөл боюнча комитеттин токтом талабы аткарылбай калган учурда банк жетекчилигине карата Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талабына ылайык тиешелүү таасир этүү чарасы колдонулат.».

− 3.1-пункт төмөнкү мазмундагы жетинчи жана сегизинчи абзацтар менен толукталсын:

«- банктын акционерлеринин курамында Бириккен Улуттар Уюмунун Кыргыз Республикасы да анын катарына кирген Коопсуздук Кеңеши тарабынан аларга карата ошол мамлекеттердин жеке адамдар жана юридикалык жактар менен кызматташууга тыюу салынган жана/же чектөөлөрдү караган чечим (резолюция) кабыл алынган мамлекеттерде каттоодон өткөн, өз алдынча же чогуу алганда банктын акцияларынын он же андан көп пайызына ээлик кылган же тескөөгө алган жактардын болушу. Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөр менен иш алып барган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жана башка мамлекеттик органдар Улуттук банктын өтүнүчү боюнча эл аралык санкцияларга тиешелүү маалыматтарды сунуштап турат;

− банктын акционерлеринин курамында терроризмди каржылоого жана “арам” акчанын изин жашырууга каршы күрөшүү жагында эл аралык стандарттарды иштеп чыгуу жана аны жайылтуу боюнча уюмдун –ФАТФнын сунуш-көрсөтмөлөрүн кабыл албаган жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттенүү чөйрөсүндө эл аралык кызматташууга катышпаган мамлекеттердин аймагында каттоодон өткөн жана ФАТФ аларга карата каршы аракеттерди көрүүгө мүчө-мамлекеттерди чакырган, өз алдынча же чогуу алганда банктын акцияларынын он же андан көп пайызына ээлик кылган же тескөөгө алган жактардын болушу. Мындай өлкөлөрдүн тизмеги Кыргыз Республикасынын кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттенүү жагында иш алып барган мамлекеттик ыйгарым укуктуу органы тарабынан аныкталат.»;

− 3.3-пункт төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«- банк жетекчилигинин (Директорлор кенешинин төрагасын, мүчөлөрүн) тез-тез алмашып туруусу[1], ушундан улам, Улуттук банктын жазма буйруктарын жана башка талаптарын аткарбай коюуга, өз учурунда аткара албай калууга жол берилип, банк ишин банктык мыйзамдарга жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аркеттенүү

жагында мыйзамдарга ылайык камсыз кылууга банк жетекчилигинин жөндөмсүздүгү орун алып, ишти андан ары улап кетүү мүмкүнчүлүгү үзгүлтүккө учурап, ички контролдук системасынын солгундашы келип чыгат;”;

– төмөнкү мазмундагы шилтеме менен толукталсын:

«[1]Банк жетекчилигинин тез-тез алмашуусу дегенден улам: Төраганын кийинки 12 ай ичинде 2 жолудан көп; Директорлор кенешинин мүчөлөрү үчүн – Директорлор кеңешинин бүтүндөй курамынын акыркы 12 ай ичинде 2 жолудан көбүрөөк алмашуусун (акционерлердин жылдык жыйынында Директорлор кеңешин шайлоону эске албаганда) түшүнүү зарыл.»;

– 4.3-пункттун:

бешинчи абзацындагы «системаларына» деген сөз «толук» деген сөз менен толукталсын;

алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- оңдоолорду киргизүүсүз, өчүрүп салууга укуксуз, окуп, кагазга чыгаруу мүмкүнчүлүгү менен банктын электрондук ченемдик базасынан толук пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу;»;

– 4.4-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«Тике банктык көзөмөлдүк шартында банк жетекчилиги банк иши, анын ичинде анын финансылык абалы, Улуттук банктын талаптарынын жана сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышы, банктын финансылык абалын чыңдоо, тобокелдиктерди басаңдатуу, мыйзам бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү, ошондой эле Улуттук банкка жана контролерлор тобунун жетекчисине банкты түптөлгөн оор жагдайдан чыгаруу боюнча иш-чаралар планын, мезгил-мезгили менен берилүүчү отчеттордун жана зарыл болгон жана/же талап кылынган башка маалыматтардын берилип турушу үчүн толук жоопкерчиликтүү бойдон калат.»;

– 4.5-пункттун:

– алтынчы абзацынын акырындагы «.» тыныш белгиси «;» белгисине алмаштырылсын;

– төмөнкү мазмундагы жетинчи жана сегизинчи абзацтар менен толукталсын:

– «- тышкы электрондук почтадан толук пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;

– банк жана/же анын кызматкерлери тарабынан контролерлор тобунун компьютердик станцияларында толук купуялуулуктун сакталышын камсыз кылуу.»;

4.7-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын.

3. Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 31-октябрындагы № 41/12 «Банктык эсептер, аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу жөнүндө" нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Банктык эсептер, аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу жөнүндө" нускоонун:

– 17-пунктунун:

биринчи абзацындагы «ишкердикти жүзөгө ашырууга, үчүнчү жактар менен байланыштуу болбогон» деген сөздөр алынып салынсын;

экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Эгерде, банктык аманат (депозит) келишиминен башкасы келип чыкпаса, банкка жана аманатчы – жеке адамга карата талап кылуудан улам төлөнүүчү аманат (депозит) боюнча банктык эсеп келишиминин эрежелери колдонулат. Мында, жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү аманат (депозит) эсебине алардын өздүк акча каражаттарынан тышкары эмгек акылар, автордук гонорарлар, пенсиялар, алименттер, социалдык жөлөк пулдар, башка банктык эсептен каражаттар, мурастоого байланыштуу төлөмдөр, эсеп ээсине тиешелүү болгон жеке мүлктү сатып өткөрүү үчүн төлөмдөр жана башка акчалай түшүүлөр жана төлөмдөр чегерилиши мүмкүн».

үчүнчү абзацтагы «эсеп ээсинин ишкердикти жүзөгө ашыруусуна байланышпаган» деген сөздөр алынып салынсын.

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 27-апрелиндеги № 19/6**

## Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган толуктоолор жана өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) бекитилсин:

− 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобонун жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө»;

− 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/6 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө»;

− 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/2 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын адекваттуулугунун (шайкештигинин) стандартын аныктоо боюнча» нускоонун жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө»;

− 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/4 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан банктардын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо боюнча нускоону бекитүү тууралуу»;

− 2015-жылдын 23-декабрындагы № 78/23 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө».

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, адистештирилген финансы-кредит мекемеси – «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсын, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, «Баракат» окуу борбору» ЖЧКсын, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

4. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет, ал эми Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу» токтому аркылуу бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун 4.3.5-пунктчасы, 2016-жылдын 20-июлунан тартып күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2016-жылдын 27-апрелиндеги № 19/6**
**токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоолор жана өзгөртүүлөр

1. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобонун жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобонун:

− 2.3-пунктундагы:

«милдеттүү түрдө жаңы келишим түзүү менен» деген сөздөр «же кредиттик келишимге карата кошумча келишим» деген менен толукталсын;

төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Карыз алуучунун финансылык абалынын начарлоосу менен байланыштуу болбогон кредит боюнча келишимдин баштапкы шарттарын өзгөртүү, кредитти реструктуризациялоо болуп саналбайт (мисалы, чет өлкө валютасындагы кредит валютасын улуттук валютага которуу).»;

− 4.1.1-пунктчасы төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Банктар, эгерде алар өз ички саясатына ылайык 0 % дан 2 % чейинки өлчөмдө РППУну түзүү менен ушул жобонун 4.2-пунктунда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык келе турган болсо, АКШ долларында жаңыдан берилген кредиттерди «нормалдуу активдер» катары классификациялай алат. Мында, бул талаптар, мурда берилген, алардын ордун жабуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн (Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусу

– мындан ары Өнүктүрүү фондусу) каражаттарынын эсебинен каржыланган кредиттерди кошо алганда, Өнүктүрүү фондусу менен кызматташуунун алкагында берилген жеңилдетилген кредиттерге да таркатылат жана кредиттик келишимдин баштапкы шарттарынын өзгөртүлүшүн талап кылат. Өнүктүрүү фондусунун каражаттарынын эсебинен банктардын кредиттери реструктуризацияланбайт, ошондой эле «классификацияланган» активдер категориясында камтылган, мурда берилген кредиттер каржыланбайт.»;

− 4.2.2.-пункттчасынын сегизинчи абзацындагы «кредитти алгачкы реструктуризациялоо» деген сөздөр «кредит боюнча келишимдин баштапкы шарттарын өзгөртүү» дегенге алмаштырылсын;

− 4.2.3-пунктча төмөнкү редакцияда берилсин:

«4.2.3. Банк, эгерде кредит алган карыз алуучунун чогуу алгандагы кирешесинин жалпы көлөмүндө чет өлкө валютасындагы кирешесинин үлүшү (ЕАЭСке[1] мүчө өлкөлөрдүн валютасынан тышкары) анын чогуу алгандагы кирешесинин жалпы көлөмүнүн 75 пайыздан көбүрөөктү түзсө, чет өлкө валютасындагы кредитти (ЕАЭСке мүчө өлкөлөрдүн валютасынан башка) эң аз дегенде «канааттандыраарлык» актив катары классификациялоого тийиш.»;

− 4.3.2.-пунктчанын:

тогузунчу абзацындагы «, ушул жобонун 4.2.2-пункттчасында көрсөтүлгөн реструктуризациялоону эске албаганда» деген сөздөр алынып салынсын;

11-абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«- эгерде кредит буга чейин «классификацияланган кредиттер» категориясында камтылбаса, ошол эле учурда, бул өзгөртүү кардардын финансылык абалынын начарлашына байланыштуу болбосо, чет өлкө валютасындагы ошол кредит валютасын улуттук валютага которуу аркылуу, кредит боюнча келишим шарттарын кайталап өзгөртүү.»;

− 4.3.3-пунктча төмөнкү редакцияда берилсин:

«4.3.3. Эгерде ошол кредитти алган карыз алуучунун чет өлкө валютасындагы (ЕАЭСке мүчө болгон мамлекеттердин валютасынан башка) кирешесинин үлүшү анын чогуу алгандагы кирешесинин жалпы

1 ЕАЭСке мүчө болгон мамлекеттердин тизмеги: http://www.eaeunion.org/

көлөмүнүн 50 пайыздан 75 пайызга чейинкини түзсө, банк чет өлкө валютасындагы (ЕАЭСге мүчө болгон мамлекеттердин валютасынан башка) кредитти эң аз дегенде «байкоого алынган» актив катары классификациялоого тийиш.»;

− 4.3.4-пунктча төмөнкү редакцияда берилсин:

«4.3.4. Эгерде ошол кредитти алган карыз алуучунун чет өлкө валютасындагы (ЕАЭСке мүчө болгон мамлекеттердин валютасынан башка) кирешесинин үлүшү анын чогуу алгандагы кирешесинин жалпы көлөмүнүн 50 пайыздан азын түзсө, банк чет өлкө валютасындагы (ЕАЭСге мүчө болгон мамлекеттердин валютасынан башка) кредитти эң аз дегенде «байкоого алынган» актив катары классификациялоого тийиш.»;

− 4.3.5-пунктча төмөнкү редакцияда берилсин:

«4.3.5. Эгерде өздөштүрүлүп жаткан кредитти төлөө графигинде кредиттин негизги суммасын ай сайын эмес жана бирдей болбогон өлчөмдө төлөө каралса жана мында кредитти төлөө мөөнөтү эки жылдан жогоруну түзсө (2016-жылдын 20-январынан тартып), актив сапатынын начарлоосу байкалбаган учурда, мындай кредитти 15 % өлчөмүндө РППУ түзүү менен «байкоого алынган актив» катары классификациялоо зарыл. Мында төмөнкү кредиттер эске алынбайт:

− кредитти жеңилдетилген шарттарда төлөө каралган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн максаттуу мамлекеттик программасы боюнча берилген;

− банктар аралык жайгаштыруулар, анын ичинде микрофинансылык уюмдарга берилген кредиттер;

− «классификацияланган» активдер категориясына киргендер;

− бир карыз алуучуга берилген чогуу алгандагы кредиттердин таза суммардык капиталынын 1 % төмөн суммасында.

Бул ченем күчүнө киргенден кийин, ал күчүнө киргенге чейин бир кредиттик линиянын алкагында сунушталган бардык транштарды кошо алганда, бардык кредиттер жогоруда белгиленген талапка ылайык классификацияланууга тийиш.

Ошондой эле, ушул жобонун 4.1.1-пунктчасынын талабына ылайык, Өнүктүрүү фондусунун алкагында берилген жеңилдетилген кредиттер да бул пунктчада эске алынбайт.»

− 5.1.3-пунктча төмөнкү редакцияда берилсин:

«5.1.3. Эгерде жаңыдан берилген кредитти төлөө графигинде кредиттин негизги суммасын ай сайын эмес жана бирдей болбогон өлчөмдө төлөө каралса, анда мындай кредитти 25 % өлчөмүндө РППУ түзүү менен «субстандарттык» катары классификациялоо зарыл. Мында төмөнкү кредиттер эске алынбайт:

− кредитти жеңилдетилген шарттарда төлөө каралган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн максаттуу мамлекеттик программасы боюнча берилген;

− банктар аралык жайгаштыруулар, анын ичинде микрофинансылык уюмдарга берилген кредиттер;

− бир карыз алуучуга берилген чогуу алгандагы кредиттердин таза суммардык капиталынын 1 % төмөн суммасында.

Ушул ченем күчүнө киргенден кийин, бир кредиттик линиянын алкагында сунушталган бардык транштарды кошо алганда, бардык жаңыдан берилген кредиттер жогоруда белгиленген талапка ылайык классификацияланууга тийиш.

Ошондой эле, ушул жобонун 4.1.1-пунктчасынын талабына ылайык, Өнүктүрүү фондусунун алкагында берилген жеңилдетилген кредиттер да бул пунктчада эске алынбайт.»

− 7.1-пунктунун:

биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«7.1. Кайталап реструктуризацияланган кредиттер 25 % өлчөмүндө РППУ түзүү менен дароо «субстандарттык» катары классификацияланууга тийиш, мында РППУ өлчөмү 15 % түзүшү мүмкүн (кайталап реструктуризациялоо күнүнө карата реструктуризацияланып жаткан кредит боюнча төлөмдөр акыркы алты ай ичинде дайыма төлөнүп турган шартта):»;

төртүнчү абзац күчүн жоготкон катары таанылсын ;

− 7.1.-1-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын.

2. Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/6 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдарга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун:

− 12-пункту төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Кардардын финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу болбогон актив боюнча келишимдин баштапкы шарттарын өзгөртүү активди реструктуризациялоо болуп эсептелбейт (мисалы, актив валютасын чет өлкө валютасынан улуттук валютага которуу).»;

− 22-пунктунун сегизинчи абзацындагы «камтыган активди баштапкы реструктуризациялоо» деген сөздөр «камтыган актив боюнча келишимдин алгачкы шарттарын өзгөртүү» дегенге алмаштырылсын;

− 22-1-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«22-1. Эгерде ошол активди алган кардардын чет өлкө валютасындагы (ЕАЭСге[1] мүчө болгон мамлекеттердин валютасынан башка) кирешесинин (түшкөн акчанын) үлүшү анын чогуу алгандагы кирешесинин (түшкөн акчанын) жалпы көлөмүнүн 75 пайыздан көбүрөөгүн түзсө, банк чет өлкө валютасындагы (ЕАЭСге мүчө болгон мамлекеттердин валютасынан башка) активди эң аз дегенде «канааттандыраарлык» актив катары классификациялоого тийиш.»;

− 23-пунктунун:

− он экинчи абзацындагы «ушул жобонун 22-пунктунда көрсөтүлгөн реструктуризациялоону эске албаганда,» деген сөздөр алынып салынсын;

− он үчүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«- эгерде актив буга чейин «классификацияланган активдер» категориясына кирбесе жана ошол эле учурда эгерде бул өзгөртүү кардардын финансылык абалынын начарлашынан улам келип чыкпаса, ошол актив валютасын чет өлкө валютасынан улуттук валютага которуу аркылуу актив боюнча келишим шарттарын кайталап өзгөртүү.»;

− 23-1, 23-2 жана 23-3-пункттар төмөнкү редакцияда берилсин:

1 ЕАЭСке мүчө мамлекеттердин тизмеги: http://www.eaeunion.org/

«23-1. Эгерде ошол активди алган кардардын чет өлкө валютасындагы (ЕАЭСке мүчө мамлекеттердин валютасынан башка) кирешесинин (түшкөн акчанын) үлүшү анын чогуу алгандагы кирешесинин (түшкөн акчанын) жалпы көлөмүнүн 50 пайыздан 75 пайызга чейинкини түзсө, банк чет өлкө валютасындагы (ЕАЭСке мүчө мамлекеттердин валютасынан башка) өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган активди эң аз дегенде «байкоого алынган актив» катары классификациялоого тийиш.

23-2. Эгерде ошол активди алган кардардын чет өлкө валютасындагы (ЕАЭСке мүчө мамлекеттердин валютасынан башка) кирешесинин (түшкөн акчанын) үлүшү анын чогуу алгандагы кирешесинин (түшкөн акчанын) жалпы көлөмүнүн 50 пайыздан азын түзсө, банк өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган чет өлкө валютасындагы (ЕАЭСке мүчө мамлекеттердин валютасынан башка) активди эң аз дегенде «байкоого алынган актив» катары классификациялоого тийиш.

23-3. Эгерде жаңыдан берилген сыяктуу эле, өздөштүрүлүп жаткан активдин төлөө графигинде негизги сумманы ай сайын эмес жана бирдей болбогон өлчөмдө төлөө каралса жана мында өздөштүрүлүп жаткан активди төлөө мөөнөтү эки жылдан жогоруну түзсө (2016-жылдын 20-январынан тартып), активдер сапаты начарлабаган шартта, мындай активдер боюнча РППУну эки жыл сайын 2 % өлчөмүндө көбөйтүү зарыл. Мында төмөнкү активдер эске алынбайт:

− активди жеңилдетилген шарттарда төлөө мезгили каралган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн максаттуу мамлекеттик программасы боюнча берилген;

− бир карыз алуучуга берилген чогуу алгандагы активдердин таза суммардык капиталынын 1 % төмөн суммасында;

− бир карыз алуучуга мудараба, шарика жана истиснаа келишимдери боюнча берилген чогуу алгандагы активдердин таза суммардык капиталынын 10 % төмөн суммасында;

− банктар аралык жайгаштыруулар, анын ичинде микрофинансылык уюмдарга берилген активдер;

− «классификацияланган» активдер категориясына киргендер.

Ушул ченем күчүнө киргенден кийин, бир кредиттик линиянын алкагында сунушталган бардык транштарды кошо алганда, «классификацияланбаган» категориясына кирген бардык жаңыдан

берилген активдер жана өздөштүрүлүп жаткан бардык активдер боюнча жогоруда белгиленген талапка ылайык РППУ түзүү зарыл.»;

− 24-1-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 33-пункттагы:

биринчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кайталап реструктуризацияланган активдер 25 % өлчөмүндө РППУ түзүү менен дароо «субстандарттык» катары классификациялануута тийиш, мында төмөнкүлөр тастыкталганга чейин РППУ өлчөмү 15 % түзүшү мүмкүн (кайталап реструктуризациялоо күнүнө карата реструктуризацияланып жаткан актив боюнча төлөмдөр акыркы алты ай ичинде дайыма төлөнүп турган шартта):»;

төртүнчү абзац күчүн жоготкон катары таанылсын.

3. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/2 « Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын адекваттулугунун (шайкештигинин) стандартын аныктоо боюнча» нускоонун жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын адекваттулугунун (шайкештигинин) стандартын аныктоо боюнча» нускоонун:

− 2.5-пунктундагы «дивиденддерди төлөөгө» деген сөздөр «, банк бөлүштүрүлбөгөн пайданын эсебинен өз уставдык капиталын көбөйткөн учурду эске албаганда» деген сөздөр менен толукталсын;

− 2.6-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«2.6. Банк бөлүштүрүлбөгөн пайданын эсебинен өз уставдык капиталын көбөйткөн учурду эске албаганда, ал «капитал буфери» көрсөткүчүнүн белгиленген маанисине жеткен шартта да Улуттук банктын кат жүзүндөгү макулдугун алуусуз дивиденддерди төлөөгө укугу жок.».

4. Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/4 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо жөнүндө» нускоонун:

− 9-2-пунктундагы «дивиденддерди төлөөгө» деген сөздөр «, банк бөлүштүрүлбөгөн пайданын эсебинен өз уставдык капиталын көбөйткөн учурду эске албаганда,» деген сөздөр менен толуктaлсын;

− 9-3-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«9-3. Банк бөлүштүрүлбөгөн пайданын эсебинен өз уставдык капиталын көбөйткөн учурду эске албаганда, ал «капитал буфери» көрсөткүчүнүн белгиленген маанисине жеткен шартта да Улуттук банктын кат жүзүндөгү макулдугун алуусуз дивиденддерди төлөөгө укугу жок.».

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 23-декабрындагы № 78/23 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

− 2-пунктун экинчи абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын.

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 27-апрелиндеги № 19/13**

## «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн номиналы чет өлкө валютасында көрсөтүлгөн мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кароого сунушталган «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн номиналы чет өлкө валютасында көрсөтүлгөн мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н. Жениш мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Улуттук банк Башкармасынын**
**2016-жылдын 27-апрелиндеги № 19/13**
**токтомуна карата тиркеме**

# “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобо

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Жобо Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 2-октябрындагы №566 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө” жобого ылайык иштелип чыккан жана анда Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги (мындан ары – Финансы министрлиги, Эмитент) тарабынан республика аймагында чыгарылган жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын (мындан ары – МКО(в)) жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана эсептешүү операцияларын жүзөгө ашыруу тартиби аныкталган.

2. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 2-октябрындагы №556 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө” жөнүндө жобого ылайык, Финансы министрлиги менен түзүлгөн келишимдин негизинде тооруктарды уюштуруучу, депозитарий жана эсептешүүлөр боюнча оператор катары иш алып барат жана Эмитенттин позициясын эске алат (Финансы министрлигинин 2016-жылдын 15-мартындагы № 10-1-2/3009 каты).

3. МКО(в) Финансы министрлигинин валюта түрүндөгү карыздык милдеттенмеси болуп саналат.

4. МКО(в)нынар бир чыгарылышынын көлөмү, МКО(в) номинацияланган валюта, номинал жана купондук чен Эмитент тарабынан аныкталат.

5. Улуттук банкка МКО(в), анын ичинде аларды тейлөөгө байланыштуу кредиттик жана башка тобокелдиктер боюнча милдеттенме жүктөлбөйт.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 2-октябрындагы №556 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө” жөнүндө жобого ылайык Эмитент чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө боюнча оперцияларды жүзөгө ашыруу үчүн Улуттук банктан башка тооруктарды уюштуруучуну, депозитарийди жана эсептешүүлөр боюнча операторду ишке тартууга укуктуу.

7. МКО(в)ны жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан аукциондук негизде жүзөгө ашырылат. Аукцион билдирүүдө көрсөтүлгөн баада канааттандырыла турган ыкмада өткөрүлөт.

8. МКО(в)ны кайра сатып алууну Эмитент Улуттук банк аркылуу жүзөгө ашырат жана Эмитент тарабынан жарыяланган МКО(в)ны кайра сатып алуу көлөмүнүн алкагында ал тарабынан белгиленген баада жүргүзүлөт.

9. МКО(в)га каттоо номерин ыйгаруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын 2010-жылдын 13-сентябрындагы №201 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздарга каттоо номерин ыйгаруу жана Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздардын реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

10. МКО(в)ны биринчи жайгаштыруу жана кайра сатып алуу боюнча аукциондорго катышуу укугуна ушул жобонун талаптарына жооп берген тике катышуучулар ээ болушат. Кыйыр катышуучулар тике катышуучу болуп саналышкан коммерциялык банктар (мындан ары – банктар) аркылуу билдирмелерди берүү менен аукциондорго катыша алышат жана/же МКО(в)ны экинчилик рынокто сатып алышат.

## 2-глава. Аныктамалар жана атоолор

Ушул жобонун максаттарында төмөнкү аныктамалар жана атоолор колдонулат.

11. Аукцион – МКО(в) тооругунун формасы, мында билдирмелерди канааттандыруу атаандаштык негизде канааттандырылат.

12. Атаандашуу шартында сатуу – көрсөтүлгөн (жарыяланган) баада сатылып алынган МКО(в)нын баасын жана санын көрсөтүү менен сатуу.

13. Атаандашуусуз сатуу – МКО(в)ны аукциондо түптөлгөн орточо алынган баада сатуу.

14. Кыйыр катышуучу – МКО(в)ны сатып алууга билдирмени тике катышуучу болуп саналган банк аркылуу берген, тике катышуучу болуп саналбаган жеке адам, юридикалык жак.

15. Кайра сатып алуу – Эмитенттин жүгүртүүдөгү МКО(в)ны сатып алуусу боюнча операция.

16. Чыгаруу параметрлери – МКО(в)ны чыгаруу жөнүндө маалыматтар: МКО(в)нын валютасынын аталышы, номери, чыгарылган күнү, көлөмү, төлөө күнү жана бул облигацияларды мүнөздөөчү башка маалыматтар.

17. МКО(в)ны төлөө – төлөнүүчү чыгарылыштагы МКО(в) ээлеринин эсептерине номиналдык наркты чегерүү.

18. Тике катышуучу – Улуттук банк тарабынан лицензияланган жана чет өлкө валютасында банк операцияларын жүргүзүү укугуна ээ коммерциялык банк (мындан ары –Банк).

19. Чектүү баа – билдирмелер канааттандырылган акыркы баа.

20. Эмитент – Финансы министрлиги, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан иш алып барат.

## 3-глава. МКО(в) рыногунда тике катышуучу статусун ыйгаруу шарттары

21. МКО(в) рыногунда тике катышуучу катары иш алып барууга ниеттенген Банк кеминде төмөнкү критерийлерге жооп берүүгө тийиш:

− улуттук валютада банк операцияларын жүргүзүүгө Улуттук банктын чектөөлөр белгиленбеген лицензиясы болууга;

− чет өлкө валютасында банк операцияларын жүргүзүү укугуна Улуттук банктын чектөөлөр белгиленбеген лицензиясы болууга;

− чет өлкө валютасында корреспонденттик эсеби болууга;

− Кыргыз Республикасынын “Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө” мыйзамында каралган процесстер жана жол-жоболор (консервация, санация, реабилитация, өз ыктыярдыгы боюнча же мажбурлап жоюу, реструктуризация жана кайра өзгөртүп түзүү) ага карата колдонулбашы;

− МКО(в) менен иштөө учурунда тобокелдиктерди тескөө саясатын, МКО(в)нын депозитардык эсебин жүргүзүү тартибин жана аталган облигациялар менен иштөөдө ички контролдук системасын аныктаган документтер болууга;

− Улуттук банк аркылуу жайгаштырылган МКО(в) рыногунда иш жүргүзүү тууралуу Улуттук банк менен келишилген келишим (1-тиркеме) болууга.

22. Банк тике катышуучу катары Улуттук банк тарабынан белгиленген форматта отчетторду, ошондой эле тике катышуучу катары жүргүзгөн башка маалыматты Улуттук банктын жана/же Финансы министрлигинин талап кылуусу боюнча өз убагында сунуштап турууга милдеттүү.

## 4-глава. Чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын МКО(в) баштапкы жайгаштыруу шарттары жана тартиби

23. Улуттук банк Эмитенттен алган тапшырманын жана белгиленген формада МКО(в)ны жайгаштыруу боюнча аукцион өткөрүүгө тиешелүү сертификаттын негизинде аукцион өткөрөт. МКО(в)ны чыгаруу жана жайгаштыруу боюнча документтердин түзүлүшү жана формасы Улуттук банкка макулдашылат жана Эмитенттин буйругу менен бекитилет. МКО(в) аукционун өткөрүү үчүн зарыл болгон документтер аукцион өткөрүлчү күнгө чейинки эки күндөн кечиктирилбестен Эмитент тарабынан Улуттук банкка берилет. МКО(в)ны чыгаруу параметрлери Эмитент тарабынан анын веб-сайтына жана жалпыга

маалымдоо каражаттарына жарыяланат. Улуттук банк МКО(в)ны чыгаруу параметрлерин өзүнүн веб-сайтына жарыялайт.

24. МКО(в)ны жайгаштыруу боюнча аукционго катышууга билдирме тике катышуучу тарабынан ушул Жобого карата 2-тиркемедеги формага ылайык документ түрүндө Улуттук банкка берилет. Билдирме калың конвертке салынып, чапталууга тийиш. Тике катышуучу аукционго бир гана билдирме бере алат. Тике катышуучудан бир аукционго бир нече билдирме келип түшкөн шартта, анын бул аукционго катышуусуна жол берилбейт, ал эми берилген бардык билдирмелер жараксыз деп таанылат.

25. Документ түрүндөгү билдирме Улуттук банктын Документ менен иш алып баруу башкармалыгынын Иш кагаздарын жүргүзүү жана контролдоо бөлүмүнүн кабинетинде жайгаштырылган “МБК аукциондоруна билдирмелер үчүн” жазуусу бар ящикке салынууга тийиш. Тике катышуучу билдирменин берилгендигин каттоо журналында чагылдыруусу зарыл.

26. Билдирме аукцион өткөрүлчү күнү саат 12:00го чейин Улуттук банкка берилүүгө тийиш. Берилген билдирме кайтарылгыс болуп саналат.

27. Билдирменин ар бир барагы ыйгарым укуктуу адамдын кол тамгасы жана тике катышуучунун мөөрү менен тастыкталууга тийиш. Билдирмеде тике катышуучунун расмий аталышы, билдирме берилген күн, аукцион өткөрүлчү күн, жайгаштырылуучу чыгарылыштын номери, сатып алынуучу баалуу кагаздардын саны, сатып алуу баасы жана наркы камтылуусу зарыл.

28. Банктардын билдирмелеринде өз атынан берилген (өздүк билдирмелер) билдирмелер сыяктуу эле, кардарларынын – тике катышуучулардын атынан берилген иргелген билдирмелер (кардардын билдирмелери) да камтылышы мүмкүн.

29. Тике катышуучулар атаандашуусуз сунуштагы өздүк билдирмелерди бере алышпайт.

30. Тике катышуучунун атаандашуу сунуштары менен өздүк билдирмеси төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:

− лоттордун саны 5тен ашпоого,

− лоттордун жайгаштырылышы–сатып алуу баасынан азаюу тартибинде;

− ар бир билдирме боюнча баалуу кагаздардын саны– 100гө барабар,

− бир билдирмедеги баалуу кагаздардын минималдуу саны - 1000 даанадан кем эмес.

31. Тике катышуучунун өздүк билдирмелериндеги баалуу кагаздардын саны жайгаштырылуучу баалуу кагаздар санынан ашпоого тийиш, б.а. өздүк билдирмелердин номиналы боюнча суммардык көлөмү чыгарылыштын жарыяланган көлөмүнөн ашпоого тийиш.

32. Атаандашуу сунуштары менен кардардын билдирмеси төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:

− ар бир лот боюнча баалуу кагаздардын саны - 10го барабар,

− бир лоттогу баалуу кагаздардын минималдуу саны - 100 даанадан кем эмес.

33. Атаандашуусуз сунушу менен бир кардардан берилген билдирменин минималдуу көлөмүнө чектөөлөр белгиленген эмес.

34. Атаандашуу жана атаандашуусуз шартында бир кардардан берилген билдирмелердин максималдуу көлөмү чыгарылыштын жарыяланган көлөмүнөн ашпоого тийиш.

35. Белгиленген тариздөө тартибин бузуу менен берилген билдирмелер жараксыз деп таанылат жана аукционго катышууга жол берилбейт.

36. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте маалыматтарды ачып көрсөтүү учурларын эске албаганда, аукционго катышуучунун билдирмесинде көрсөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылат.

37. Атаанташуусуз сунуштары менен билдирмелер биринчи кезекте канаттандырылат. Канаттандыруунун максималдуу чеги номиналдык нарк боюнча чыгаруу көлөмүнүн 30% түзөт. Эгерде, атаандашуусуз сунуштар менен берилген билдирмелердин суммардык көлөмү МКО(в)ны номиналдык нарк боюнча чыгаруу көлөмүнүн 30% ашып кетсе, анда алар пропорционалдык негизде канааттандырылат.

38. Атаандашуусуз сунуштары менен билдирмелер канааттандырылгандан кийин калган чыгаруу көлөмү, атаандашуу сунуштары менен билдирмелер ортосунда бөлүштүрүлөт.

Билдирмелердин лоттору сатып алуу баасы боюнча азаюу тартибинде жайгаштырылат жана максималдуу лоттон баштап, андан кийин – чектүү баага жеткенге чейин төмөндөө баасы боюнча канааттандырылат. Эгерде чектүү баада бирден ашык билдирме берилген болсо, анда бул билдирмелердин ортосунда баалуу кагаздарды бөлүштүрүү пропорционалдуу негизде жүргүзүлөт.

39. Эгерде чектүү баада банктын өздүк билдирмеси сыяктуу эле, анын кардарларынын билдирмелери да берилген болсо, анда баалуу кагаздарды бөлүштүрүү ушул эки билдирменин ортосунда пропорционалдуу негизде жүзөгө ашырылат.

40. Атаандашуусуз билдирме орточо алынган баада канааттандырылат.

41. Аукционго катышууга жол берилген билдирмелерди алдын ала иргөө аукцион жүргүзүлгөн күнү саат 13:00 дон 14:30га чейин жүзөгө ашырылат.

42. Аукциондун алдын ала натыйжалары аукцион өтүүчү күнү саат 15:00дон кечиктирилбестен Эмитентке чечим кабыл алуу үчүн берилет.

43. Эмитент төмөнкү чечимдердин бирин кабыл ала алат: аукциондун натыйжаларын бекитүү же аукционду өткөрүлбөгөн катары таануу.

44. Эмитент аукциондун натыйжаларын төмөнкү чекте бекитет:

− билдирмелерди максималдуу канааттандыруу чыгаруу көлөмүнүн 25% чектелет;

− билдирмелерди минималдуу канааттандыруу төмөнкү чекте камсыз кылынат:

эгерде берилген билдирмелердин суммасы жарыяланган эмиссиянын көлөмүнө барабар болсо же ашса - билдирмелерди минималдуу канааттандыруу жарыяланган эмиссиянын 25% түзөт;

эгерде берилген билдирмелердин суммасы жарыяланган эмиссиядан аз болсо – канааттандырылган билдирмелердин минималдуу көлөмү берилген билдирмелердин чегинде белгиленет.

45. Эмитент төмөнкү учурларда аукционду өткөрүлбөгөн катары таануу укугуна ээ болот:

− аукционго үчтөн кем катышуучу катышса;

− эгерде кабыл алынган билдирмелердин орточо алынган кирешелүүлүгү, акыркы аукциондо түптөлгөн орточо алынган кирешелүүлүктөн 15% ашса.

46. Эмитент аукциондун натыйжаларын аукцион өткөрүлгөн күнү саат 16.00го чейин бекитет.

47. Эмитент аукциондун натыйжаларын бекиткенден кийин билдирмелер акыркы жолу иргөөдөн өткөрүлүп, аукциондун жыйынтыкталган натыйжалары жарыяланат.

48. Эмитент аукциондун натыйжаларын бекиткен шартта, тике катышуучуларга аукциондун жыйынтыкталган маалыматтары: суроо-талаптын жана жайгаштыруулардын көлөмү, орточо алынган баа, билдирмелердин максималдуу баасы жана чектүү баа маалымдалат; аукционго катышуунун натыйжалары боюнча ал же анын кардарлары тарабынан сатылып алынган МКО(в) саны жана наркы ар бир тике катышуучуга өзүнчө маалымдалат.

49. Аукциондун жыйынтыкталган натыйжалары Улуттук банктын веб-сайтында жарыяланат.

## 5-глава. МКО(в)ны кайра сатып алуу шарттары жана тартиби

50. Кайра сатып алуу сунушталган МКО(в)ны кайра сатып алуу шарттары (сатып алынуучу МКО(в)нын баасы, көлөмү жана катталган номери) жана кайра сатып алуу жүргүзүлчү күн тууралуу маалымат Эмитент тарабынан анын веб-сайтында, ошондой эле Улуттук банк тарабынан Улуттук банктын веб-сайтында жарыяланат. МКО(в) ны кайра сатып алуу ушул жобонун талаптарына жооп берген тике катышуучулар ортосунда жүзөгө ашырылса, кыйыр катышуучулар билдирмелерин банк аркылуу берүү менен катышышат.

51. МКО(в)ны кайра сатып алууга катышууга билдирме тике катышуучу тарабынан ушул Жобого карата 3-тиркемедеги формага ылайык документ түрүндө Улуттук банкка берилет. Билдирме калың конвертке салынып чапталган болууга тийиш. Тике катышуучу аукционго бир гана билдирме бере алат. Тике катышуучудан бир аукционго бир нече билдирме келип түшкөн шартта, анын бул аукционго катышуусуна жол берилбейт, ал эми берилген бардык билдирмелер жараксыз деп таанылат.

52. Документ түрүндөгү билдирме Улуттук банктын Документ менен иш алып баруу башкармалыгынын Иш кагаздарын жүргүзүү жана контролдоо бөлүмүнүн кабинетинде жайгаштырылган “МБК аукциондоруна билдирмелер үчүн” жазуусу бар ящикке салынууга тийиш. Тике катышуучу билдирме берилгендигин каттоо журналына чагылдыруусу зарыл.

53. Билдирме аукцион өткөрүлчү күнү саат 12:00го чейин Улуттук банкка берилүүгө тийиш. Берилген билдирме кайтарылгыс болуп саналат.

54. Билдирменин ар бир барагы ыйгарым укуктуу адамдын кол тамгасы жана тике катышуучунун мөөрү менен тастыкталууга тийиш. Билдирмеде тике катышуучунун расмий аталышы, билдирме берилген күн, кайра сатып алуу жүргүзүлчү күн, сатып алынуучу МКО(в)нын каттоо номерин камтууга тийиш.

55. Банктардын билдирмелеринде өз атынан берилген (өздүк билдирмелер) билдирмелер сыяктуу эле, кардарларынын – кыйыр катышуучулардын атынан берилген агрегирленген билдирмелер (кардардын билдирмелерин) да камтылышы мүмкүн.

56. Тике катышуучунун кайра сатып алууга өздүк билдирмесинде баалуу кагаздардын минималдуу саны төмөнкү талапка жооп берүүгө тийиш: баалуу кагаздардын саны 100 даанадан кем болбоого жана 10го барабар болууга тийиш.

57. Тике катышуучунун билдирмесинде баалуу кагаздардын саны кайра сатып алынуучу баалуу кагаздардын санынан ашпоого тийиш, б.а. өздүк билдирменин номинал боюнча көлөмү кайра сатып алуунун жарыяланган көлөмүнөн ашпоого тийиш.

58. Бир кардар тарабынан берилген баалуу кагаздардын минималдуу саны талапка ылайык келүүгө – 10 даанадан кем болбоого жана 10го барабар болууга тийиш.

59. Бир кардардан берилген баалуу кагаздардын саны кайра сатып алуунун жарыяланган көлөмүнөн ашпоого тийиш.

60. Тариздөө тартибин бузуу менен толтурулган билдирмелер жараксыз болуп таанылышат жана кайра сатып алууга жол берилбейт.

61. Улуттук банк маалыматтардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ачыкка чыгарылышын эске

албаганда, кайра сатып алууга катышуучунун билдирмесинде көрсөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылат.

62. Кайра сатып алууга катышуучулардын билдирмелери аларда көрсөтүлгөн баалуу кагаздардын саны боюнча аткарылат. Билдирменин наркы билдирмеде көрсөтүлгөн баалуу кагаздардын санын Эмитент тарабынан белгиленген баага көбөйтүү аркылуу эсептелет. Эгерде кайра сатып алууга сунуштары менен билдирмелердин суммардык көлөмү номиналдык нарк боюнча Эмитент тарабынан белгиленген кайра сатып алуу көлөмүнөн ашса, аларды канааттандыруу пропорционалдуу негизде жүзөгө ашырылат.

63. Кайра сатып алууга уруксат берилген билдирүүлөрдү иргөө кайра сатып алуу жүргүзүлгөн күнү саат 13:00дон 14:00го чейин жүзөгө ашырылат. Кайра сатып алуу жүргүзүлгөн күнү саат 14:30да кайра сатып алуу натыйжалары Эмитентке берилет.

64. Акыркы натыйжалар кайра сатып алуу жүргүзүлгөн күнү саат 15:00дон кечиктирилбестен жарыяланат.

65. Кайра сатып алуунун жыйынтыкталган натыйжалары Улуттук банктын мезгилдүү басылмаларында жана веб-сайтында жарыяланат.

## 6-глава. Эсептөөлөр

66. Тике катышуучу МКО(в)ны жайгаштыруу аукционунун натыйжалары боюнча сатып алынган МКО(в)га төлөө үчүн (жайгаштыруу боюнча аукционго катышууга канаттандырылган билдирмеге ылайык) каражаттарды МКО(в) чыгарылган күнгө чейинки 1 (бир) күн ичинде Эмитенттин Улуттук банктагы чет өлкө валютасындагы тиешелүү эсебине толук көлөмдө чегерүүнү жүзөгө ашырат. Тике катышуучу чет өлкө валютасындагы каражаттарды которууда каражат алуучуну (Эмитентти), анын Улуттук банктагы чет өлкө валютасындагы эсебинин номерин, толук жана так негизин жана төлөм багытын милдеттүү түрдө көрсөтүүгө тийиш.

67. Сатып алынган МКО(в)га бөлүп-бөлүп төлөөгө жол берилбейт. Эгерде аукциондун тике катышуучусу МКО(в)нын чыгаруу күнү, сатып алынган МКО(в)га төлөө үчүн Эмитенттин Улуттук банктагы чет өлкө валютасындагы тиешелүү эсебине каражаттарды толук көлөмдө жана өз убагында (ушул Жобонун 66-пунктуна ылайык) чегербесе,

анда анын билдирмеси жокко чыгарылат. Бул учурда аукциондун тике катышуучусу Эмитентке сатып алынган МКО(в)нын номиналдык наркынан 1 пайыз өлчөмдө, МКО(в) чыгарылган күнгө карата Улуттук банк тарабынан белгиленген расмий курс боюнча, улуттук валютада үстөк айыптык төлөм төлөөгө милдеттүү болот. Аукциондун тике катышуучусу үстөк айыптык төлөмдү төлөмөйүнчө кийинки аукционго катышпайт.

68. Тике катышуучу ушул Жобонун 66-пунктунда көрсөтүлгөн операцияларда келип чыгышы мүмкүн болгон, банк-корреспонденттердин которуулары үчүн бардык тике жана кыйыр чыгашаларды өз алдынча төлөөгө милдеттенет.

69. МКО(в) чыгарылган күнү Улуттук банк анын корреспондент банкынан чет өлкө валютасындагы каражаттарды толук көлөмдө Улуттук банктын корреспонденттик эсебине чегерилгендиги тууралуу тастыктамасын (эсеп боюнча көчүрмө) алгандан кийин тике катышучунун депо эсебине МБКларды которууну жүзөгө ашырат.

70. Жайгаштыруу боюнча аукциондун натыйжалары боюнча эсептешүүлөр аяктагандан кийин Улуттук банк аукциондун тике катышуучусуна сатып алынган МКО(в)на менчик укугун тастыктаган квитанция берет (4-тиркеме).

71. Кайра сатып алуунун натыйжалары боюнча эсептешүүлөр МКО(в) кайра сатып алынган күндөн кийинки 5 жумуш күнү ичинде жүзөгө ашырылат.

72. Эмитент МКО(в)ны кайра сатып алуу жүргүзүлгөндөн кийинки иш күнү Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын Улуттук банктагы күндөлүк эсебинде чет өлкө валютасындагы акча каражаттардын жеткиликтүү деңгээлде болушун камсыз кылат, ал аркылуу кайтарым сатып алуу жүргүзүүнүн натыйжаларына ылайык сатып алынган МКО(в)га төлөө жүргүзүлөт.

73. Улуттук банк Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын төлөм тапшырмасынын негизинде өзүнчө келишимдердин шарттарына ылайык аныкталган күнү, Эмитенттин атынан МКО(в)ны кайра сатып алуу боюнча каражаттарды чегерүүнү жүргүзөт. Которуулардын көрсөтүлгөн суммасынын тууралыгына, каражаттардын тике катышуучуга өз убагында чегерилиши үчүн

төлөм тапшыруусунун өз убагында берилиши, банктык төлөм реквизиттеринин тууралыгына Эмитент жооп берет.

74. Купондук төлөмдөрдү төлөө жана МКО(в)нын ордун жабуу боюнча эсептешүүлөр МКО(в)ны чыгаруу шарттарына ылайык, тиешелүүлүгүнө жараша, купондук төлөмдөр күнү жана ордун жабуу күнү жүргүзүлөт. Эгерде, купондук төлөм күнү жана ордун жабуу күнү Кыргыз Республикасында жана/же корреспондент өлкөдө дем алыш күнүнө туура келип калса, анда эсептешүүлөр кийинки жумуш күнү ишке ашырылат.

75. Эмитент купондук төлөмдөрдү төлөө күнүнө жана ордун жабуу күнүнө карата Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын Улуттук банктагы күндөлүк эсебинде чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын жеткиликтүү көлөмдө болушун камсыз кылат, ал аркылуу купондук төлөмдөрдү төлөө жана МКО(в)нын орду жабылуучу номиналдык наркын чегерүү жүзөгө ашырылат.

76. Улуттук банк Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын төлөм тапшырмасынын негизинде МКО(в)ны чыгаруу шарттарына ылайык Эмитент тарабынан аныкталган күнү МКО(в) боюнча купондук төлөмдөр жана/же МКО(в)нын ордун жабуу каражаттарын Эмитенттин атынан чегерүүнү жүзөгө ашырат. Которулчу сумманын туура көрсөтүлүшү, тике катышуучуга каражаттардын өз убагында чегерилиши үчүн төлөм тапшырмалардын өз убагында сунушталышы, ошондой эле банктык төлөм реквизиттеринин тууралыгы үчүн Эмитент жооп берет.

77. Эмитент корреспондент банктардын которуулары үчүн ушул Жобонун 73 жана 76 пункттарында көрсөтүлгөн операцияларда келип чыгышы мүмкүн болгон бардык тике жана кыйыр чыгашаларын өз алдынча төлөөгө милдеттенет.

## 7-глава. Корутунду жоболор

78. МКО(в) менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча тобокелдиктерди тескөө ыкмалары аукциондун катышуучусунун ички ченемдик документтери менен аныкталат.

79. Улуттук банк Эмитент менен макулдашуу аркылуу Евразия экономикалык биргилигинин алкагында Кыргыз Республикасы

тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга (мындар ары – Уюм) экинчилик рыногунда сатылып алынган МКО(в)ны эсепке алуу үчүн депо-эсеп ачууга укуктуу. Улуттук банкта депо-эсеп ачуу үчүн Уюм Улуттук банк менен МКО(в)ны эсепке алуу үчүн депо-эсеп ачуу жөнүндө келишим түзүүгө тийиш (5-тиркеме).

“Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобого карата 1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган жана Улуттук банк аркылуу жайгаштырылган мамлекеттик казына облигациялары рыногунда __________банкынын иши тууралуу**

**№____________________келишим**

Бишкек ш. 20___-ж «____» _________

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, 20___-жылдын “____”________ №____ буйруктун негизинде иш алып барган Төраганын орун басары ______________________________ бир тараптан жана мындан ары «Банк» деп аталуучу ______________________ атынан, Уставдын негизинде иш алып барган Башкарманын Төрагасы _____________________________ экинчи тараптан, мындан ары биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар Улуттук Банк Башкармасынын 20___-жылдын «___»_______ №___ токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобого (мындан ары – Жобо) таянуу менен төмөнкүлөр боюнча ушул Келишимди түзүштү:

## 1. Келишим предмети

1.1. Банктын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган жана Жобого ылайык Улуттук банк

аркылуу жайгаштырылган мамлекеттик казына облигациялары (мындан ары - МКО(в)) рыногунда тике катышуучу катары ишин жүзөгө ашыруусу ушул Келишим предмети болуп саналат.

## 2.Банкка коюлуучу талаптар

2.1. Тике катышуучу катары иш алып барууну каалаган Банк, кеминде төмөнкү критерийлерге ылайык келүүгө тийиш:

− банк операцияларын улуттук валютада чектөөсүз жүргүзүүгө Улуттук банктын лицензиясынын болушу;

− банк операцияларын чет өлкө валютасында чектөөсүз жүргүзүү укугуна Улуттук банктын лицензиясынын болушу;

− чет өлкө валютасында корреспонденттик эсебинин болушу;

− Кыргыз Республикасынын “Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө” мыйзамында каралган процесстер жана жол-жоболор (консервация, санация, реабилитация, ыктыярдуу же мажбурлап жоюу, реструктуризация жана кайра өзгөртүп түзүү) ага карата колдонулбашы;

− МКО(в) менен иш алып баруу учурунда тобокелдиктерди тескөө саясатын, МКО(в) депозитардык эсебин жүргүзүү тартибин жана аталган облигациялар менен иш алып барууда ички контролдук системасын аныктаган документтердин болушу.

2.2. Ушул Келишимге кол коюу менен банк Келишимдин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык келээрин тастыктайт.

## 3. Банктын укугу

Банк төмөнкүлөргө укуктуу:

3.1. МКО(в) жайгаштыруу жана кайра сатып алуу боюнча аукциондорго өз атынан жана кардарларынын тапшырмасы боюнча тике катышууга.

3.2. Өз атынан жана кардарларынын тапшырмасы боюнча сатылып алынган МКО(в) боюнча депозитардык ишти жүзөгө ашырууга.

3.3. МКО(в) жайгаштыруу жана кайра сатып алуу боюнча алдыда боло турган аукциондордун параметрлери жана өткөрүлгөн аукциондордун натыйжалары тууралуу маалымат алууга.

3.4. Сый акылардын өлчөмү жана Банк кардарларынын билдирмелерин кабыл алуу тартиби Банк тарабынан өз алдынча аныкталат.

## 4. Банктын милдеттери

Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:

4.1. МКО(в) рыногунда ишин Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырууга.

4.2. Жайгаштыруу боюнча аукционго катышууга берилген канааттандырылган билдирмелерге ылайык, сатып алынган МКО(в)га төлөө үчүн МКО(в) чыгарылган күнгө чейинки 1 (бир) жумуш күнү ичинде Эмитенттин Улуттук банктагы чет өлкө валютасындагы тиешелүү эсебине каражаттарды өз убагында жана толук көлөмдө чегерүүнү жүргүзүү. Тике катышуучу чет өлкө валюталарындагы каражаттарды которууда каражат алуучуну (Эмитентти), анын Улуттук банктагы чет өлкө валютасындагы эсебинин номерин, төлөмдүн негизин жана багытын милдеттүү түрдө толук жана так көрсөтүүгө тийиш. Эгерде аукциондун тике катышуучусу сатып алынган МКО(в)га төлөө үчүн Эмитенттин Улуттук банктагы чет өлкө валютасындагы тиешелүү эсебине чет өлкө валютасындагы каражаттарды толук көлөмдө жана өз убагында чегербесе, анын билдирмеси жокко чыгарылат. Бул учурда аукциондун тике катышуучусу Эмитентке сатып алынган МКО(в)нын номиналдык наркынан 1 пайыз өлчөмдө, МКО(в) чыгарылган күнгө карата Улуттук банк тарабынан белгиленген расмий курс боюнча, улуттук валютада үстөк айыптык төлөм төлөөгө милдеттүү болот. Аукциондун тике катышуучусу үстөк айыптык төлөмдү төлөмөйүнчө кийинки аукционго катышпайт.

4.3. Банк-корреспонденттердин которуулары үчүн ушул Жобонун 4.2-пунктунда көрсөтүлгөн операцияларда келип чыгышы мүмкүн болгон бардык тике жана кыйыр чыгашаларды өз алдынча төлөөгө.

4.4. Банк кардарларын МКО(в)ны жайгаштыруу жана кайра сатып алуу боюнча аукциондорго катышуусу үчүн зарыл шарттар менен камсыз кылуу.

4.5. Эсепке алуунун эки деңгээлдүү системасынын алкагында (Улуттук банк – Башкы депозитарий; Банк – Субдепозитарий) Улуттук банк тарабынан белгиленген эрежелерге ылайык МКО(в) боюнча депозитардык ишти жүзөгө ашырууга:

− МКО(в)нын биринчи жайгаштырылышында (МКО(в) аукционунун жыйынтыгы боюнча) алардын өз депоненттеринин эсептерине чегерүүнү жүзөгө ашырууга;

− төлөө мөөнөтү келип жеткен шартта, МКО(в)нын тиешелүү чыгарылыштарынын эсептерин жабууга;

− депоненттерге таандык МКО(в) сакталышын камсыз кылууга жана укуктун эсебин жүргүзүүгө;

− ар бир депонентке тиешелүү МКО(в) өз-өзүнчө эсепке алынат;

− депо-эсептер боюнча жазууларды жүргүзүү үчүн негиз болуп саналган, документтердин эсебин жүргүзүү;

− Банк кардарынын Банктын Субдепозитарийинде эске алынган МКО(в)га менчик укугун тастыктоо.

4.6. Өз кардарларына МКО(в) рыногу тууралуу так маалыматты, анын ичинде МКО(в) рыногунда түптөлгөн баалар, пайыздык чендер, тенденциялар жана башка зарыл маалыматтарды сунуштоо.

4.7. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык маалыматтын ачыка чыгарылышын эске албаганда, өз кардарларынын МКО(в) боюнча маалыматтарынын купуялуулугун камсыз кылуу.

4.8. Улуттук банк тарабынан белгиленген форматта отчетторду, ошондой эле тике катышуучу катары Банк ишине байланыштуу башка маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана/же Финансы министрлигинин талап кылуусу боюнча өз убагында берүү.

4.9. Ушул Келишимге кол коюлгандан кийинки 2 жумуш күнү ичинде Улуттук банкка ишеним катты жана МКО(в) аукциондоруна билдирмелерге кол коюуга ыйгарым укуктуу адамдардын тизмесин берүү. Эгерде ушул пунктта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктар башка адамга өткөрүлүп берилсе, анда бул ыйгарым укуктар өткөрүп

берилген учурдан тартып эки жумуш күнү ичинде Улуттук банкка жаңы тизме жана ишеним катты сунуштоо.

4.10. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ошондой эле Улуттук банк Башкармасынын “___”_______№_______токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобого ылайык МКО(в) менен жарандык-укуктук бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруу.

## 5. Улуттук банктын укугу.

Улуттук банк төмөнкүлөргө укуктуу:

5.1. МКО(в) рыногунда Банктын ишине, анын ичинде жеринде барып текшерүүлөрдү жүргүзүү аркылуу көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу.

5.2. МКО(в)нын Башкы депозитарийи катары иш жүргүзүүгө.

5.3. Отчеттордун, ошондой эле Банктын ишине байланыштуу Улуттук банкка жана/же Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине зарыл болгон башка маалыматтардын белгиленген формада, өз убагында берилишин талап кылуу.

5.4. Банкка карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чараларды кабыл алуу.

## 6. Улуттук банктын милдеттери

Улуттук банк төмөнкүлөргө милдеттүү:

6.1. Жүгүртүүдөгү МКО(в)нын так жана толук эсепке алынышын камсыз кылууга.

6.2. МКО(в) аукциондорунун параметрлерин жарыялоого жана Улуттук банктын сайтына жайгаштырууга.

6.3. МКО(в) аукциондору ишке ашырылгандан кийин Банкка МКО(в) аукциондорунун натыйжалары тууралуу маалыматты белгиленген тартипке ылайык сунуштоо.

6.4. МКО(в), ошондой эле купондук төлөмдөр төлөнгөн күнү Эмитенттин төлөм тапшырмасынын негизинде жана анда көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча Банктын корреспонденттик эсебине чет өлкө валютасындагы каражаттарды чегерүү. Которулган сумманын туура көрсөтүлүшүнө, Банкка каражаттардын өз убагында чегерилиши үчүн төлөм тапшырмасынын өз убагында берилишине, банктык төлөм реквизиттеринин тууралыгына Эмитент жооп берет.

6.5. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык маалыматтардын ачыка чыгарылышын эске албаганда, Банктын МКО(в) менен операциялары боюнча маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу.

## 7. Тараптардын жоопкерчиликтери жана талаш маселелерди чечүү тартиби

7.1. Банк тарабынан акча каражаттары Эмитенттин Улуттук банктагы эсебине ашыкча же жаңылыш которулган учурда, Улуттук банк жаңылыш чегерилген сумма тууралуу Банкка маалымдоого жана аны кайтарып берүүгө милдеттүү. Мында банк-корреспонденттердин которуулары үчүн кандайдыр бир тике жана/же кыйыр чыгашалар келип чыккан шартта, алар Банк тарабынан төлөнөт.

7.2. Улуттук банк тарабынан МКО(в) боюнча купондук төлөмдөрдүн ордун жабууда же төлөөдө тиешелүү сумманын кечиктирилип же туура эмес төлөнүшүндө, Улуттук банк Банктын пайдасына кечиктирилген ар бир күн үчүн кем чегерилген сумманын 0,1% өлчөмүндө туум төлөйт.

7.3. Банк жаңылыш чегерилген сумма тууралуу Улуттук банкка маалымдоого жана кайтарып берүүгө милдеттүү. Жаңылыш чегерилген сумма кайтарып берилбеген учурда Банк жаңылыш чегерилген сумманын 0,1% өлчөмүндө ар бир кечиктирилген календардык күн үчүн Улуттук банкка туум төлөйт.

7.4. Тараптар өз милдеттерин аткарбагандыгы же талапка ылайыксыз аткаргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

7.5. Ушул Келишим талаптарын аткаруу процессинде келип чыккан талаш маселелер, өз ара алгылыктуу чечимди иштеп чыгуу максатында, Тараптардын сүйлөшүүлөрү аркылуу жөнгө салынат.

7.6. Жөнгө салынбаган талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет.

7.7. Улуттук банк милдеттердин аткарылбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт, эгерде бул Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эмитирленген МКО(в) боюнча милдеттерин аткарбагандыгынын натыйжасынан улам орун алса.

## 8. Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү жана аны токтотуу тартиби

8.1. Келишим ага кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана бир календардык жыл ичинде колдонууда болот.

8.2. Эгерде Тараптардын бири дагы ушул Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү бүткөнгө чейинки 30 календардык күн ичинде аны токтотуу тууралуу кат жүзүндө билдирбесе, анда Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү ар бир кийинки календардык жыл үчүн дароо узартылат.

8.3. Келишимдин аракети Улуттук банктын сыяктуу эле, Банктын демилгеси боюнча да токтотулушу мүмкүн.

8.4. Улуттук банк төмөнкү учурларда Банкка алдын ала билдирүүсүз эле, Келишимди бир тараптуу негизде токтотууга укукту:

- Банк ушул Келишим боюнча өз милдеттерин аткарбаса же талапка ылайыксыз аткарган болсо;
- эгерде Банкка карата жоюу жол-жобосу башталса;
- эгерде Банктын лицензиясынын аракети токтотулса же кайтарылып алынган болсо.

## 9.Башка шарттар

9.1. Банк МКО(в) аукциондоруна катышуусунун натыйжасында анын Улуттук банктагы корреспонденттик эсебинен акча каражаттарын акцепциз алып салууну жүргүзүү укугун берет.

9.2. Келишим шарттарына Тараптардын өз ара макулдашуулары боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

9.3. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген же жаңы редакциясы кабыл алынган шартта, Келишимди Жобонун жаңы

нормаларына ылайык келтирүү максатында, Келишим шарттары кайра каралууга тийиш.

9.4. Келишимге кат жүзүндө кошумча келишим менен таризделген өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн, ага эки Тараптын тең колу коюлат жана ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

9.5. Келишим Тараптардын ар бири үчүн бирден, эки нускада түзүлгөн. Эки нускасы тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

**Тараптардын реквизиттери:**

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы** | **Банктын аталышы** |
| 720040, Бишкек ш, Үмөталиев атындагы көчөсү 101 | (Почта индекси, дареги) |
| (Кызматы) | (Кызматы) |
| (Аты-жөнү) | (Аты-жөнү) |
| ______________________ (кол тамгасы) | ______________________ (кол тамгасы) |
| МО | МО |

“Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобого карата 2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
МКО(в) жайгаштыруу боюнча аукционго катышуууга

**БИЛДИРМЕ**

Ушул аркылуу [аукционго тике катышуучунун аты], мындан ары “Катышуучу” деп аталуучу ________________________ каттоо номериндеги МКО(в)ны [аукцион өткөрүлчү күн], өткөрүлүп жаткан аукциондо төмөнкү шарттарда сатып алууга макулдугун билдирет:

Өз атынан:

| Өздүк билдирме | | | |
|---|---|---|---|
| Атаандашуу шартында берилген билдирме | | | |
| Лот № | Сатып алуу баасы | МКО(в) саны (даана) | Сатып алуу наркы |
| 1 | 2 | 3 | 4 = 2 * 3 |
| | | | |

Өз кардарларынын атынан (1):

| Кардардык билдирме | | | |
|---|---|---|---|
| Атаандашуу шартында берилген билдирме | | | |
| Лот № | Сатып алуу баасы | МКО(в) саны (даана) | Сатып алуу наркы |
| 1 | 2 | 3 | 4 = 2 * 3 |
| | | | |
| Атаандашуусуз билдирме | | | |
| МКО(в) саны (даана) | | | |
| | | | |

Катышуучу аукцион өткөрүү эрежелери менен таанышты жана андан келип чыккан бардык милдеттенмелерди өзүнө алат.

| _____________________ | ___________________ | _____________________ |
| --- | --- | --- |
| (Кызматы) | (кол тамгасы) | (аты-жөнү) |

Күнү М.П.

Аткаруучу Аты-жөнү
Тел.: ____________

(1) кардардын билдирмеси болгон шартта, тике катышуучу тарабынан толтурулат.

“Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында
номинацияланган мамлекеттик
казына облигацияларын Кыргыз
Республикасынын Улуттук банкы
аркылуу жайгаштыруу, кайра
сатып алуу жана алар менен
эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби
жөнүндө” жобого карата 3-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
МКО(в)ны кайра сатып алууга катышууга

**БИЛДИРМЕ**

Ушул аркылуу [кайра сатып алуучу тике катышуучунун аты], мындан ары “Катышуучу” деп аталуучу ______________________ каттоо номериндеги МКО(в)ны [кайра сатуу өткөрүлчү күн] [XXXX] баада, төмөнкү шарттарда кайра сатууга даяр экендигин билдирет:

өз атынан:

| Өздүк билдирме |
|---|
| МКО(в) саны (даана) |
| |

өз кардарларынын атынан (1):

| Кардардык билдирме |
|---|
| МКО(в) саны (даана) |
| |

Катышуучу аукцион өткөрүү эрежелери менен таанышты жана андан келип чыккан бардык милдететнмелерди өзүнө алат.

______________________ ____________________ ______________________

(Кызматы) (кол тамгасы) (аты-жөнү)

Күнү М.О.

Аткаруучу Аты-жөнү.

Тел.: ____________

(1) кардардын билдирмеси болгон шартта, тике катышуучу тарабынан толтурулат.

“Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобого карата 4-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

КВИТАНЦИЯ

Ушул аркылуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы МКО(в)ны жайгаштыруу боюнча [өткөрүлчү күн] өткөн аукциондун жыйынтыгы боюнча, [тике катышуучунун аты-жөнү] төмөнкү чыгарылыштагы МКО(в)га ээлик кылуучу катары таанылаарын тастыктайт:

| МКО(в) каттоо номери | МКО(в) саны (даана) | | Суммасы | | Купондук чен % | Купонду төлөө шарттары (төлөө мезгилдүүлүгү) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Өздүк | Кардардын | Өздүк | Кардардын | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |

Акча-кредиттик операциялар башкармалыгынын кайра каржылоо жана баалуу кагаздарды кайра жайгаштыруу бөлүмүнүн начальниги

___________________ _________________ ___________________

(Кызматы) (кол тамгасы) (аты-жөнү)

Аткаруучу аты-жөнү

Тел.: ____________

“Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобого карата 5-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын эсепке алуу үчүн депо-эсеп ачуу жөнүндө №_____келишим**

Бишкек ш. 20___-ж»____» _________

Мындан ары «Улуттук банк» деп аталуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан, 20___-жылдын “____”________ №____ буйруктун негизинде иш алып барган Төраганын орун басары ______________________________ бир тараптан жана мындан ары «Катышуучу» деп аталуучу _____________________ атынан, Уставдын негизинде иш алып барган Башкарманын Төрагасы _____________________________ экинчи тараптан, мындан ары биргелешип «Тараптар» деп аталуучулар Улуттук Банк Башкармасынын 20___-жылдын «___»________ №___ токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайра сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобого (мындан ары – Жобо) таянуу менен төмөнкүлөр боюнча ушул Келишимди түзүштү:

## 1. Келишим предмети

1.1. Катышуучуга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын (мындан ары – МКО(в)) экинчилик рыногунда Катышуучу тарабынан сатып алынган МКО(в)ны эсепке алуу жана депо-эсеп боюнча

Катышуучунун тапшыруусунун негизинде операцияларды ишке ашыруу үчүн Улуттук банкта депо-эсеп ачуу ушул Келишим предмети болуп саналат.

1.2. Катышуучуга кызмат көрсөтүү учурунда МКО(в)нын Башкы депозитарийи катары иш жүргүзүүгө тартиби Улуттук банктын ченемдик укуктук актылары аркылуу аныкталат.

## 2. Катышуучунун укуктары жана милдеттери

Катышуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

2.1. МКО(в) экинчилик рыногунда өз атынан сатып алынган МКО(в)нын Башкы депозитарийде ачылган депо-эсептеги жылышын контролдоо.

Катышуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

2.2. МКО(в) рыногунда ишин, анын ичинде МКО(в) менен жарандык-укуктук бүтүмдөрдү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырууга.

2.3. Отчетторду Улуттук банк тарабынан белгиленген форматта, ошондой эле МКО(в) рыногунда Катышуучунун ишине байланыштуу башка маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана/же Финансы министрлигинин талап кылуусу боюнча өз убагында берүүгө.

## 3. Улуттук банктын укуктары жана милдеттери.

Улуттук банк төмөнкүлөргө укуктуу:

3.1. Отчеттордун, ошондой эле Катышуучунун МКО(в) рыногунда ишине байланыштуу Улуттук банкка жана/же Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине зарыл болгон башка маалыматтардын өз убагында берилишин талап кылуу.

3.2. Катышуучуга карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чараларды кабыл алуу.

Улуттук банк төмөнкүлөргө милдеттүү:

3.3. Катышуучунун депо-эсебиндеги МКО(в)нын так жана толук эсепке алынышын камсыз кылуу.

3.4. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык маалыматтардын ачып чыгарылышын эске албаганда, Катышуучунун МКО(в) менен операциялары боюнча маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу.

## 4. Тараптардын жоопкерчиликтери жана талаш маселелерди чечүү тартиби

4.1. Тараптар өз милдеттерин аткарбагандыгы же талапка ылайыксыз аткаргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

4.2. Ушул Келишим талаптарын аткаруу процессинде келип чыккан талаш маселелер, өз ара алгылыктуу чечимди иштеп чыгуу максатында, Тараптардын сүйлөшүүлөрү аркылуу жөнгө салынат.

4.3. Жөнгө салынбаган талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет.

4.4. Улуттук банк милдеттердин аткарылбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт, эгерде бул Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эмитирленген МКО(в) боюнча милдеттерин аткарбагандыгынын натыйжасынан улам орун алса.

## 5. Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү жана аны токтотуу тартиби

5.1. Бул Келишим ага кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана бир календардык жыл ичинде колдонууда болот.

5.2. Эгерде Тараптардын бири дагы ушул Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү бүткөнгө чейинки 30 календардык күн ичинде аны токтотуу тууралуу кат жүзүндө билдирбесе, анда Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү ар бир кийинки календардык жыл үчүн дароо узартылат.

5.3. Келишимдин аракети Улуттук банктын сыяктуу эле, Катышуучунун демилгеси боюнча да токтотулушу мүмкүн.

5.4. Улуттук банк Катышуучу ушул Келишим боюнча өз милдеттерин аткарбаса же талапка ылайыксыз аткарган болсо Катышуучуга алдын

ала билдирүүсүз эле, Келишимди бир тараптуу негизде токтотууга укукту.

## 6. Башка шарттар

6.1. Ушул Келишим шарттарына Тараптардын өз ара макулдашуулары боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

6.2. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген же жаңы редакциясы кабыл алынган шартта, Жобонун жаңы нормаларына ылайык келтирүү максатында, Келишим шарттары кайра каралууга тийиш.

6.3. Келишимге кат жүзүндө кошумча келишим менен таризделген өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн, ага эки Тараптын тең колу коюлат жана ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

6.4. Келишим Тараптардын ар бири үчүн бирден, эки нускада түзүлгөн. Эки нускасы тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

**Тараптардын реквизиттери:**

| **Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы** | **Катышуучунун аталышы** |
| --- | --- |
| 720040, Бишкек ш., Үметалиев атындагы көчөсү 101 | (Почта индекси, дареги) |
| (Кызматы) | (Кызматы) |
| (Аты-жөнү) | (Аты-жөнү) |
| ________________________ | ________________________ |
| (колтамгасы) | (колтамгасы) |
| МО | МО |

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН | ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 25-майындагы №20/3**

## Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/15 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо» эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7, 17 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/15 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо» эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо» эрежелеринин:

− 22-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«22. Орус рублинин жана казак теңгесинин сомго карата расмий курстары Москвадагы банктар аралык валюта биржасындагы, Казакстан фондулук биржасындагы орточо салмактанып алынган маанилерди Улуттук банк тарабынан АКШ долларынын сомго карата расмий курсун аныктаган учурда кросс-курс боюнча эсептелинет.».

2. Бул токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен республиканын коммерциялык банктарды, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматын, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетин, Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н. Жениш мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 25-майындагы №20/6**

## Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 14-июлундагы № 22/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 14-июлундагы № 22/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо тууралуу” токтомуна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин:

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, адистештирилген финансы-кредит мекемеси –«Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсын, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, «Ислам финансы ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, Микрофинансылык уюмдар ассоциациясын жана микрофинансылык компанияларды тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т.Дж.Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Улуттук банк Башкармасынын**
**2016-жылдын 25-майындагы №20/6**
**токтомуна карата тиркеме**

# Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 14-июлундагы № 22/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 14-июлундагы № 22/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогорудагы токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

− 2.4-пунктунун 2.4.2-пунктчасындагы «банк кызматкери» деген сөздөр алынып салынсын;

− 3.3-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Банктар үч жылда бир жолу маалымат системасына аудит жүргүзүп турууга тийиш.»;

− 3.4-пунктунун 3.4.1-пунктчасы төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«(6) Банктын маалымат системаларынын төмөнкү талаптарга ылайык келүүсүнө талдап-иликтөөлөрдү жана баа берүүлөрдү жүзөгө ашыруу:

а) Улуттук банктын, банктын маалымат коопсуздугуна тиешелүү ченемдик укуктук актыларынын талаптарына;

б) банктын жетекчилиги тарабынан бекитилген маалымат системасынын ишине тиешелүү ички саясатынын/жол-жоболорунун талаптарына.»;

− 3.4-пункту төмөнкү мазмундагы 3.4.2-пунктча менен толукталсын:

«3.4.2. Маалымат системасына тышкы аудитти жүргүзүүдө эң аз дегенде төмөнкүлөрдү ишке ашыруу зарыл:

а) маалымат коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ички ченемдик документтерге алардын белгиленген талаптарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына, Улуттук банктын стандарттарына жана ченемдик укуктук актыларына ылайык келиши көз карашынан иликтөөлөрдү жүргүзүү;

б) маалымат системасында орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди тескөө боюнча банктын стратегиялык документтерине, бизнес пландарга, саясаттарына жана жол-жоболоруна алардын шайкештигине, талапка ылайыктуулугуна жана актуалдуулугуна баа берүү максатында иликтөөлөрдү жүргүзүү;

в) маалымат технологиясы процесстерин жөнгө салуу системасына, операциялык тобокелдиктерди тескөө системасына баа берүү;

г) маалымат системасынын иш үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу системасына жана өзгөчө кырдаалдар келип чыккан шартта маалымат системасын калыбына келтирүү пландарына баа берүү;

д) түйүндүн, операциялык системанын, тиркемелердин, маалымат базасынын, персоналдын коопсуздугун жана жалпы коопсуздукту камсыз кылуу деңгээлине баа берүү;

е) филиалдарда маалымат системасынын коргоого алынышы деңгээлин кароого алуу;

ж) автоматташтырылган системалардан пайдалана алуу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салуу жана андагы бөлүштүрүү системасына баа берүү;

з) банк персоналынын маалыматтык коопсуздук жагында маалыматын жогорулатуу деңгээлине баа берүү;

и) интеллектуалдык менчик укугуна тиешелүү мыйзам талаптарынын сакталышы, лицензияланган программалык продукттарды колдонуу жагында маселелерди кароого алуу.»;

− 3.8-пункт төмөнкү мазмундагы 3.8.3-пунктча менен толукталсын:

«3.8.3. Аудитордук компаниянын маалымат системасынын штаттагы же ишке сырттан тартылган аудиторлору төмөнкүлөргө ээ болууга тийиш:

− квалификациялык сертификаттарга (CISA, CISM ж.б.);

− финансы-кредит мекемелеринин маалымат системасына аудит жүргүзүү жагында тажрыйбага.»;

− 5.3-пункт төмөнкү мазмундагы сегизинчи абзац менен толукталсын:

«- операциялык тобокелдик категориясы катары маалымат системасында орун алышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди тескөө системасына баа берүү.»;

− 3.8.-пункттун 3.8.1., 3.8.2-пунктчалары жана 3.13-пункттагы (3), (4) жана (5) шилтемелер (2) шилтемеге алмаштырылсын;

− (3), (4), жана (5) шилтемелер күчүн жоготкон катары таанылсын.

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 25-майындагы №20/8**

## Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 21-декабрындагы № 55/3 «Коммерциялык банктарды жана финансы-кредит мекемелерин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында кассалык тейлөө жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 21-декабрындагы № 55/3 «Коммерциялык банктарды жана финансы-кредит мекемелерин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында кассалык тейлөө жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, финансы-кредит мекемелерин, Улуттук

банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Дж. Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

